журналистикада кийинки учурларда анчейин активдешпей калууда. Экстремалдык журналистика учурда укуктук, мыйзамдык, этикалык жана техникалык жактан өнүгүүлөрдү баштан кечирүүдө. Биринчи орунга сенсация эмес, адам өмүрү, этикалык жагдайлар чыгууда [6]. Журналист-экстремалдар башкы орунга өзгөчө учурларды тасмага түшүрүп, же сүрөткө тартып алууну эмес, чындыкты чагылдырууну коё баштады. Бул, албетте жакшы көрүнүш. Маселеге мындай мамиле улантылып, журналисттик чөйрөдө кеңири жайылтылууга тийиш. Мезгилдин өнүгүүсү менен Кыргызстанда да журналист-экстремалдардын атайын тобу пайда болуп, “освещай, но не вреди” деген принципти карманып иш алып барышарына ишеним бар. Ансыз ата мекендик журналистиканын өнүккөндүгү жөнүндө сөз кыла албай калабыз.

**Колдонулган адабияттар**


1. Авдеев Ю.И. Терроризм как социокультурное явление // Современный терроризм: состояние и перспективы: под. ред. Е.И.Степанова. – Москва, 2000.
2. Белозерова Ю.А. Террористические акты в российской и американской прессе: психологический аспект. – Москва, 2004.
3. Библиотека центра экстремальной журналистики. (www.library.cjes.ru)
4. Журналистика и война. Исследовательская группа Российско-Американского информационного центра. – Москва, 1998.
5. Журналисты в “горячих точках”. Технология профессионального поведения. – Москва, 2000.
6. Князев А. Журналистика конфликта. – Бишкек, 2001.



УДК 070
DOI 10.58649/1694-8033-2024-1(117)-197-201



**Халилов А.Д., Барманов С.М.**
Ж.Баласагын атындагы КУУ
**Халилов А.Д.[1]**, **Барманов С.М**.
КНУ им. Ж. Баласагына
**Halilov A.D.**, **Barmanov S.M.**
KNU J. Balasagyn

SPIN-код: 3278-3236, ORCID: 0009-0006-2441-7662[1]


# ЭГЕМЕНДҮҮЛҮКТҮН ШАРТЫНДА УЛУТТУК РУХАНИЙ БААЛУУЛУКТАРДЫ ЖАЙЫЛТУУДА ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮДӨ РЕСПУБЛИКАЛЫК МАССАЛЫК МААЛЫМАТ КАРАЖАТЫНЫН РОЛУ
# РОЛЬ РЕСПУБЛИКАНСКИХ СРЕДСТВ МАССОВОЙ ИНФОРМАЦИИ В РАСПРОСТРАНЕНИИ И РАЗВИТИИ НАЦИОНАЛЬНЫХ ДУХОВНЫХ ЦЕННОСТЕЙ В УСЛОВИЯХ НЕЗАВИСИМОСТИ
# THE ROLE OF THE REPUBLICAN MEDIA IN THE DISSEMINATION AND DEVELOPMENT OF NATIONAL SPIRITUAL VALUES IN CONDITIONS OF INDEPENDENCE

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул макалада телекөрсөтүүлөрдүн улуттук руханий баалуулуктарды жайылтуудагы жана өнүктүрүүдөгү ролун карап чыгабыз. Маданий көрсөтүүлөрдүн маани-маңызы мисалдар менен көрсөтүлөт. Коомго тийгизген пайдасы, учурдагы зарылдуулугуна токтолобуз. Аны менен катар кыргыз телекөрсөтүүсүнүн маданий программаларынын редакциясынын тарыхындагы орду бар диктор, журналисттер тарыхый жылдары каралат.

**Аннотация:** В данной статье рассматривается роль телевизионных программ в распространении и развитии национальных духовных ценностей. Важность культурных мероприятий показана на примерах, сосредоточенных на актуальности, пользе для общества, текущей необходимости. Наряду с этим рассматриваются персоналии – дикторы и журналисты, имевшие место в истории подготовки культурных программ для кыргызского телевидения.

**Abstract:** In this article we consider the role of television programs in the dissemination and development of national spiritual values. The importance of cultural events is shown through examples. . They focus on relevance, benefit to society, current need. Along with this, historical years are considered speakers and journalists who have a place in the history of editing cultural programs for Kyrgyz television.

**Негизги сөздөр:** улуттук; каада-салт; үрп-адат; көөнөрбөс; нарк; мурас; диктор; алып баруучу; телекөрсөтүү.

**Ключевые слова:** национальный; традиция; обычай; вневременной; ценность; наследие; диктор; ведущий; телевидение.

**Keywords:** national; tradition; custom; timeless; value; heritage; announcer; presenter; television.

Заманбап маалымат каражаттары республиканын эгемендүүлүк шарттарында улуттук руханий баалуулуктарды калыптандырууда жана жайылтууда маанилүү роль ойнойт. Алар калк үчүн маалыматтын негизги булагы, коомдук пикирди калыптандыруу жана адамдардын баалуулук багыттарына таасир этүүчү күчкө ээ. Жалпыга маалымдоо каражаттары республиканын маданий мурасын сактоого жана өнүктүрүүгө чоң салым кошуп келет, ошондой эле анын маданиятын, каада-салтын, тилин жана тарыхын жайылтуу жана пропагандалоо үчүн шарттарды түзөт. Алар улуттун биримдигин чыңдоого, жарандык милдетти жана патриотизмдин калыптанышына өбөлгө боло алат.

Жалпыга маалымдоо каражаттары коомдук пикирди калыптандырууда, өлкөнүн ажырагыс тарыхый-маданий субъект катары имиджин түзүүдө, ошондой эле улуттук өзгөчөлүктү сактоодо маанилүү роль ойнойт. Алар улуттун биримдигин чыңдоого, улуттук каада-салттарды жайылтууга жана урматтоого, эне тилин, тарыхына жана маданиятына болгон кызыгууну арттырат.

Кыргызстан дагы башка эгемендүү мамлекеттердей өзүнө тиешелүү улуттук руханий дөөлөттөрү океандан терең баалуулуктары каада-салттары көп. Аларды жайылтууда жана өнүктүрүүдө маанилүү роль ойногон түрдүү маалымат каражаттары болуп гезит, радио жана алардын сап башында турган мамлекеттик жана аймактык телеканалдар болуп эсептелет.

Баалуулуктарды калыптандырууга жана жайылтууга массалык маалымат каражаттарынын таасирин талдап, бир нече негизги пункттарды белгилесе болот [1].

Биринчиден, жалпыга маалымдоо каражаттары коомдук пикирди калыптандырууда жана баалуулуктарды кабыл алууда роль ойнойт. Журналисттер жана редакторлор жаңылыктарда, маданий программаларда жана басылмаларда кандай баалуулуктар жана идеалдар көрсөтүлөөрүнө олуттуу таасир этээри туурасында план коюшу кажет. Бул коомчулуктун бул маданияттын кайрадан жаңыча кабыл алуусуна таасир этет.

Экинчиден, жалпыга маалымдоо каражаттары улуттук баалуулуктарды талкуулоо жана жайылтуу үчүн аянтча болуп саналат. Журналисттер жана коомдук ишмерлер ар кандай каада-салттарды, ырым-жырымдарды, тарыхты жана маданияттын башка аспектилерин талкуулоо жана жайылтуу үчүн активдүү пайдалана алышат [2].

Үчүнчү аспект - маданий мазмунду өнүктүрүү. Мамлекеттик телеканалдар маданий долбоорлорду, анын ичинде улуттук руханий баалуулуктарды жана салттарды чагылдырган тасмаларды, программаларды, радиоберүүлөрдү жана интернет-контенттерди түзүүгө жана жайылтууга тийиш. Себеби бул азыркы учурдагы Кыргыз Республикасынын президенти Садыр Жапаровдун “Улуттук нарк-насил, каада-салт, үрп-адаттарды жайылтуу” жарлыгынын жайылтуу саясатына толук баш ийет.

Кыргызстан башка көптөгөн өлкөлөр сыяктуу эле эгемендүүлүктүн шарттарында улуттук руханий баалуулуктарды калыптандыруу жана жайылтуу жаатында кыйынчылыктарга кабылган. Бул процессте массалык маалымат каражаттарынын ролу өтө маанилүү болгон. Себеби ал коомдук пикирге жана жарандардын аң сезимине эбегейсиз таасир тийгизе алаган күчкө ээ. Улуттук руханий баалуулуктарды калыптандыруу үчүн күчтүү курал боло алган.

Бирок, белгилей кетүүчү жагдай, жалпыга маалымдоо каражаттары да бул жаатта улуттук руханий баалуулуктарды калыптандыруу жана жайылтуу жөндөмүнө таасирин тийгизе турган кыйынчылыктарга жана көйгөйлөргө дуушар болушу мүмкүн. Алардын айрымдарына цензура, сөз эркиндиги, башка баалуулуктарды жана стандарттарды алып келиши мүмкүн болгон чет элдик маалымат каражаттарынын таасири дагы роль ойнойт.

Телевидение өзүнө – радио, кино, фото, живопись жана театрдын мүмкүнчүлүктөрүн айкалыштырат. Сүрөт менен үндү синхрондуу берүү менен ал эфирдик сүрөттөрдүн дээрлик толук жандуу болушуна жетишүүгө, окуялардын убактысынын дал келишин жана аларга көрүүчүлөрдүн байкоосун камсыз кылууга жөндөмдүү. Телекөрсөтүүнүн мынчалык тез жана массалык жайылышынын төмөнкү себептерди белгилөөгө болот:

1. Маалымат тез жана комплекстүү жана ошондуктан өтө жеткиликтүү;
2. Телеберүүлөрдү түшүнүү оңой тилде даярдалып көрсөтулөт;
3. Көрүүчүнүн жеке катышуусун жараткан эффекти пайда кылат;
4. Адам маалыматтын олуттуу бөлүгүн көрүү аркылуу алат [3].

Азыркы мезгилде Улуттук телерадиоберүү корпорациясындагы “Манас таануу” интелектуалдык теледолбоору. Бул программанын концепсиясы өлкө аймагынан тандалып баштапкы турлардан жеңип келген мектеп окуучулары ортосундагы Манас үчилтиги боюнча суроо-жооп форматындагы таймаш. Аларды баалаган залкар манасчы жана окумуштуулар калыстык кылышат – бул өз кезегинде мектеп окуучуларын, жаштарды ал гана эмес улуу муундун өкүлдөрүн Манас эпосу жана кыргыздын көөнөрбөс тарыхын билүүгө жана анын жайылышын камсыз кылган көрсөтүү катары кабыл алынат.

Ага катар эле УТРК Маданият каналында көрсөтүлүүчү “Тоолуктардын ток шоусу” программасы. Программанын ичинде "Төкмөлүк өнөр", "Келиндин орду", “Мүчөл жаш”, "Сыйлашуу", "Кыргыз баласы менен тоонун байланышы" жана башка улуттук руханий

баалуулуктардын тарых-таржымалы жана чечмелениши туурасына талдоочулар менен кеңири кеп кылынган маек фоматындагы телекөрсөтүү.

“Улуу көч” көрсөтүүсү. Бул программада төкмө акындардын айтышы, кыргыздын улуттук аспаптарынын коштоосундагы улуттук кайрыктар менен катар сүрөт исскуствосу жана башка баалуулуктар келеген меймандар менен бирге талкуулашат.

Ушундай эле концепсияны өзүнө камтыган Маданият, тарых, тил каналындагы “Төкмө келсе төр бошот” берүүсү. Анда акындар комуз менен улуттук каада-салтыбыздын бири болгон уйкаш ыр-саптар аркылуу айтышуу, акыйлашуу өткөрүшөт. Мында кыргыздын улуу керемет чечендик өнөрү тартууланат.

“Улут наркы – улуу тил” телепрограммасы, анда мамлекеттик кызматтарды аркалаган кызматкерлер менен биргеликте ал тармакта мамлекеттик тилдин абалы деги эле тил көйгөйлөрү туурасында кеңири толкуу жүргүзүлөт.

Буга катар азыркы тапта Улуттук телерадиоберүү корпорациясынын курамына кирген Талас облустук телерадио компаниясында дагы улуттук руханий баалуулуктарды чагылдырып көрүүчүлөрүнө тартуулап келе жаткан программалар жок эмес.

Алар “Улуттук нарк көөнөрбөс казына” телекөрсөтүүсүткыргыздын унутта калып бара жаткан ырым-жырымдары менен бирге салт-санаасын мураскерлер аркылуу көрсөтүү жана жайылтууну камтыйт.

“Таберик” көрсөтүүсү кыргыздын ата-бабалардан бери келе жаткан улуттук кол өнөрчүлүгү аны аздектеп багып, муундан муунга үйрөтүп келе жаткан иш билги чоң апалардын элечек даярдоосу, курак куруусу, шырдак жана башка улуттун уңгусу болгон буюм-тайымдар кандай жол менен жасалаары туурасында кеңири баяндалып, чагылдырылат.

Эгемендүүлүктүн шартында кыргыз телекөрсөтүүсү да коомдун көп улуттуу жана көп конфессиялуулугун сыйлоону жайылтып келет. Коомдук жана адеп-ахлактык маселелерди активдүү талкуулап, баалуулуктар жана ишенимдер жөнүндө коомдук диалогду камсыздай алат. Алар коомдук пикирди калыптандыруу менен өлкөдөгү саясий-социалдык кырдаалга да таасирин тийгизет жана пропагандалайт [4].

Азыркы учурда ММК ар бир адамдын жашоосунда чоң роль ойнойт. Алар “инсанга анын социалдык ролдорунун жыйындысында – жаран, үй-бүлө мүчөсү, бүтүндөй коомдун өкүлү жана белгилүү бир аймактын жашоочусу катары карайт. Жалпыга маалымдоо каражаттарынын мазмуну адамдын коом жана анын подсистемалары менен болгон байланыштарынын бардык аспектилерин, инсан кирген коомдук мамилелердин бардык чөйрөлөрүн камтыйт” [5].

Массалык маалымат сан жагынан чоң, демейде географиялык жактан аудиторияга арналган жана таралышынын ылдамдыгы жана ырааттуулугу, дээрлик бир убакта керектөө жана кыйыр, белгилүү бир деңгээлде стереотиптүү мүнөзү менен өзгөчөлөнөт [6].

Учурда Улуттук телерадиоберүү корпорациясынын курмамындагы жети облустагы телеканалдар көз карандысыз маалымат каражаттары руханий баалуулуктар тууралуу коомдук талкууну өнүктүрүүгө, пикир алмашуу аянтчаларын түзүүгө жана улуттук иденттүүлүк тууралуу маанилүү талкууларды баштоого жана мамлекеттик саясатты активдүү жүргүзүүгө салым кошууда. Алар ошондой эле толеранттуулуктун жана башка маданий каада-салттарды урматтоонун жактоочусу катары чыга алат. Маданий көп түрдүүлүктүн жана коомдун түрдүү топторунун ортосундагы диалогдун сакталышына биринчи кезекте өбөлгө түзөт.

Натыйжада эгемендүүлүктүн шартында руханий дөөлөттөрдү сыйлоону камсыздоодо, маданий мурастарды өнүктүрүүдө жана улуттук өзгөчөлүктү бекемдөөдө эгемендүү кыргыз телеберүүлөрү зор таасирди берип келүүдө.

Бирок, сөз эркиндигин чектөө жана цензура да жалпыга маалымдоо каражаттарынын улуттук руханий баалуулуктарды жайылтуу мүмкүнчүлүгүнө терс таасирин тийгизиши мүмкүн.

Бул көз карандысыздыкты сактоо жана чыңдоо үчүн мамлекеттик бийлик органдары тиешелүү чараларды көрүүсү зарыл, анын ичинде: мыйзамдык базаны өркүндөтүү, массалык маалымат каражыттарынын финансылык көз карандысыздыгын колдоо, журналистиканын кесиптик стандарттарын жана этикалык принциптерин илгерилетүү, ошондой эле критикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү үчүн медиа-билим берүүнү өнүктүрүү. калк арасында маалыматтык сабаттуулукту жогорулатуу жана башкалар.

Жалпысынан алганда, кыргыз массалык маалымат каражаттарынын көз карандысыздыгы улуттук руханий баалуулуктарды жайылтууда жана өнүктүрүүдө негизги ролду ойнойт жана бул көз карандысыздыкты сактоо республиканын маданий мурасын жана өзгөчөлүгүн жайылтуу менен бирге бекемдөөнүн негизги элементи болуп саналат.

**Колдонулган адабияттар**

1. Информационное общество. Информационные войны. Информационное управление. Информационная безопасность / Под ред. М.А. Вуса. – СПб.: Изд-во Санкт-Петербургского государственного университета, 1999, 212 с.

2. Корконосенко С.Г. Основы журналистики: Учебное пособ. для университетов. – Москва: Аспект Пресс, 2004, 287 с.

3. Кузнецов, Г., Цвик В.Л., Юровский А.Я. Телевизионная журналистика. – Москва: Высшая школа, 2002.

4. Сиберт Ф.С., Шрамм У., Питерсон Т. Четыре теории прессы. – Москва: ВАГРИУС, 1998, 224 с.

5. Социология журналистики / Под ред. Е.П. Прохорова. – Москва: Изд-во Московского государственного университета, 1981, 232 с.

6. Шаповалова О.А. Роль каналов неличной коммуникации в формировании ценностного отношения к здоровью // Материалы докладов XIV Международной конференции студентов, аспирантов и молодых ученых «Ломоносов» / Отв. ред. И.А. Алешковский, А.И. Андреев. Том 3. – Москва: Издательский центр Факультета журналистики МГУ им. М.В. Ломоносова, 2007, 528 с.